DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Кыязов Э.А., Жанабилова Б.А.*

# ДҮЙНӨЛҮК ШАЙЛОО СИСТЕМАЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КОЛДОНУЛУШУНДАГЫ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

*Кыязов Э.А., Жанабилова Б.А.*

# МИРОВЫЕ ИЗБИРАТЕЛЬНЫЕ СИСТЕМЫ И НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ИХ РЕАЛИЗАЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*E.A. Kyazov, B.A. Janabilova*

# ELECTION SYSTEM IN THE WORLD AND SOME PROBLEMS OF THEIR REALIZATION IN KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 342.821*

*Макалада дүйнөлүк шайлоо системаларына кеңири орун берилет жана ал системалардын колдонуу тажрыйбасы каралат. Ошондой эле аталган можаритардык жана пропорционалдык шайлоо системаларынын оң терс жактарына, процедуралык мүчүлүштүктөргө токтолгон. Шайлоолор демократиялык процесстин ажырагыс бөлүгү катары чоң мааниге ээ экени жана тынбай өркүндөтүп туруу зарылчылыгына токтолот. Кыргыз Республикасы эгемендике ээ болгондон берки саясий жараяндарда партиялык системанын ролуна токтолгон. Ошондой эле учурда коомчулук тарабынан шайлоо системасына карата жоголгон ишенимди кайтаруунун зарылчылыгы жөнүндө кеп болот. Мында акыйкат калыс шайлоолорду өткөрүп берүүдө саясий бийликтин ролуна токтолгон. Макаланын жыйынтыктоочу бөлүгүндө дүйнөлүк шайлоо системаларынын оң тер жактарын эске алуу менен кыргыз коому үчүн оптималдуу жолу катары бул эки системанын жакшы жактарын колдонуу сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *шайлоо, шайлоо системалары, шайлоо укугу, шайлоочулар, добуш берүү, можаритардык система, пропорционалдык система, саясий маданият, бийлик, парламент.*

*В данной статье рассматриваются мировые модели избирательных системи их использование на практике. А также отрицательные и положительные стороны можаритарных и пропорциональных избирательных систем. Раскрывается роль и место выборов как неотделимый элемент демократии. Был сделан обширный анализ избирательным процессам в Кыргызской Республике. А также автор сделал акцент на политическую культуру кыргызского народа, который играет немаловажную роль в избирательном процессе. А также в статье рассматриваются социально-экономические факторы влияющие на избирательные процессы в Кыргызской Республике. В заключительной части статьи даются конкретные рекомендации по оптимизации избирательного процесса.*

***Ключевые слова:*** *выборы, избирательные системы, избирательное право, избиратели, голосование, конфликтная система, пропорциональная система, политическая культура, власть, парламент.*

*This article discusses the global models of electoral systems and their use in practice. As well as the negative and positive sides of the possible and proportional electoral systems. The role and place of elections as an indivisible element of democracy is revealed. The characteristic features of the electoral system in the Kyrgyz Republic are analyzed, and it is also shown that elections play a special role in the political life of the country. An extensive analysis was made of the electoral processes in the Kyrgyz Republic. It briefly describes the real incidents during the election, the political consciousness of the electorate and some of the shortcomings in the implementation of the election campaign. In addition, the author emphasized the political culture of the Kyrgyz people, which has an important role in the election process. Also, the article considers the socio-economic factors affecting the electoral processes in the Kyrgyz Republic. The final part of the article provides specific recommendations for optimizing the electoral process.*

***Key words:*** *elections, electoral systems, electoral law, voters, voting, conflict system, proportional system, political culture, power, parliament.*

Демократиялык жолду тандап алган өлкөдө шайлоо – саясаттын негизги компоненти катары каралат. Шайлоолор тигил, же бул мамлекеттеги шайлоо системасына жараша бийлик органдарынын жана башкаруунун түзүлүшүн эле аныктабастан жарандардын саясий эркиндигин дагы чагылдырат. Шайлоолордун жыйынтыгына жараша жеңип чыккан талапкерлер же партиялар бийлик уюктарына ээ болушат да шайлоочулардын, демек элдин атынан бийлик жүргүзүшөт

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



өкүлчүлүктүү орган болгон Жогорку Кеңеште же президенттик ж.б. кызматтарда алардын таламын талашат. Шайлоолор негизинен демократиялык мамлекетте; партияларда; профсоюздарда, ассоциацияларда кооперативдерде жүргүзүлөт. Албетте, мында мамлекеттин масштабындагы шайлоолор өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Себеби саясий система ошого жараша өнүгөт. Шайлоо десе эле тигил же бул адамдын шайлоо деп түшүнүү жаңылыштык. Адамдар өз добушун тигил же бул талапкерди колдоого эле эмес, референдумдарда, сурамжылоодо жана жамааттык чечимдерди кабыл алууда да бере алышат. Шайлоо демократиянын негизги элементи, демократиялык өлкөлөрдүн негизги таянычы бардык денгээлдеги шайлоолор болуп саналат [1]. Демократиялык өлкөдө бийликтин бирден бир эси болуп эл саналат. Ал эми эл өз бийлигин шайлоолор аркылуу тандалган өкүлдөр аркылуу жүргүзөт. Демократиялык шайлоолор укугу төрт принципке негизделген.

1) Жалпылык мындайча айтканда жынысына, улутуна, профессионалдык ишмердүүлүгүнө, тапкан кирешесине, билимине, байлыгына динине карабай шайлоо укугу; Жалпылык принцибине айрым учурларда гана чек коюлат. Мисалга: жаш курак боюнча талап (ценз) боюнча 18 жашка тологон адам гана шайлоого укуктуу, мындай жаш курак боюнча талап айрым өлкөлөрдө талапкерлерге да коюлат. Дагы бир ценз бул ишке жөндөмсүздүк боюнча психикалык жактан оорулууларга карата (сотто тастыкталган болсо) коюлат. Ошондой эле отурукташы боюнча талап да кеңири тараган. Бул талапкердин тигил же бул аймакта, өлкөдө жашаганы боюнча аныкталат. Батыштын бир катар өлкөлөрүндө мүлктүк ж.б. ценздер өкүм сүргөн. Айталы аялдардын, калктын жакыр катмарынын шайлоолорго катышуусуна тыйуу салган жоболор Францияда 1944-жылы, Италия менен Японияда 1945-жылы, Грецияда 1956-жылы, Швейцарияда 1971-жылы, Португалияда 1974-жылдары жана АКШда негрлердин шайлоого катыша албоосу 1950-70-жылдарда гана жокко чыгарылган. Жалпы шайлоо укугу демократиялык өлкөлөрдө түздөн-түз Улуу Ата мекендик согуштан кийин бекемдеген [3].

2) Теңчилик – бул ар бир шайлоочу кайсыл адамга, кайсыл үй-бүлөгө тиешелүү экенине карабай добуш берүү укугуна ээ болушу; Бул принципке ылайык кызматтык же мүлктүк абал, жарандын статусту инсандык сапаттары анын шайлоочу катары абалына таасир этпеш керек. Шайлоо укугунун теңчилиги, ошондой эле депутуттарды шайлоочулардын добуштары болжол менен бирдей болушун шарттаган шайлоо аймактарындагы теңчиликти да түшүндүрөт. Кыргызстандагы мурдагы можаритардык шайлоо системасында айрым Талас, Нарын сыяктуу облустардан 4-5тен эле депутат шайланаарына ал эми Ош, Жалал-Абад сыяктуу облустардан 10го чейин өкүл шайланганына наразы болгондор да жетиштүү болгон. Бирок андай эреже калктын санына жараша теңчиликти түзүүгө байланыштуу болгон. Себеби түштүктүн Кара-Суу, Өзгөн сыяктуу райондорунун эли эле Нарын, Талас облустарынын калкынан көптүк кылган.

3) Шайлоонун купуялыгы – шайлоочунун добуш берүүдөгү чечими эч кимге белгисиз бойдон калышы керек.; Бул принцип жарандардын добуш берүүсүн башкалар аңдуусуна, добуштун сатылышына, ар кандай себептерден улам өзү каалаган талапкерге эмес бирөөлөрдүн басымы астында добуш берүүсүнө кандайдыр бир денгээлде бөгөт болот. Шайлоонун купуялуулугун камсыз кылуу үчүн жабык түрдө добуш берүү процедурасы, добуш берүү үчүн атайын кабинанын болушу, шайлоо бюллетендеринин бирдейлиги, анда бардык талапкерлердин болушу сыяктуу бир катар шарттар каралган. Бирок бул жерде баса белгилеп кетүүчү жагдай шайлоочу жашыруун добуш береби, же ачыкпы ал шайлоочунун өз эрки.

4) Түз-тике добуш берүү – мында шайлоочу конкреттүү түрдө тигил же бул талапкерге добуш берет. Мында шайлоочу менен талапкердин ортосунда эч кандай инстанция болбойт. Айрым өлкөлөрдө шайлоо процедурасындагы түздөн-түз же тикелик принцибине выборщиктер системасын киргизүү менен чек коюлган. Анда шайлоочулар выборщиктерди тандап, ал эми талапкерлерге түздөн-түз добуш берүү укугун выборщиктер алат. Шайлоонун мындай түрү жарандардын добуш берүүсүн кыйыр түрдө кылып шайлоочулардын шайлоого катышууга болгон демин басаңдатат. Ушул себептен кыйыр добуш берүү процедурасы бир катар өлкөлөрдө жокко чыгарылган жана чанда кездешет.

5) Шайлоого байланышкан укуктук ченемдердин, процедуралардын жыйындысы жалпысынан шайлоо системасы деп аталат.

6) Жогоруда көргөзүлгөн принциптердин сакталышы ошол өлкөдөгү саясий системанын тибинен түздөн-түз көз каранды. Тактап айтсак коомдо системалуу жана алардын демократиялуулугунун кепилдиктери болгон: демократияга жагымдуу жагдай түзгөн.

Саясий маданияттын жайылтылышы, бийликтин бөлүнүшү, уюшкан жана таасирдүү оппозициянын болушу, көз карандысыз жана абройлуу соттордун болушу ж.б.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ошондой эле, айрым учурда эл аралык көзөмөл, демократиялык мамлекеттердин окупациялык аскерлери сыяктуу ж.б. тышкы факторлор да шайлоодо чоң роль ойнойт. Тышкы факторлор кээде таасирдүү эле эмес чечүүчү күчкө айланып кеткен учурлар да саясатта кездешет. Мисалга Саддам Хусейиндин режими кулатылгандан кийин Иракта, Америка Кошмо Штаттарындагы 11-сентябрдагы терракттан кийин Ооганстанда тышкы күчтөр демократиялык ачык шайлоолорду өткөрүүгө кепил катары чыгышкан. Шайлоолордун мүнөзү мамлекет үчүн ички шарттар менен аныкталат. Өз ара бири-бири менен байланышкан факторлордун болушуна негизделген салыштырмалуу өз алдынча саясий процедура болгон шайлоолор – системалык камсыздоосуз демократияга жатпаган карама каршы максатар үчүн да колдонулуп калышы мүмкүн. Мындай максаттар үчүн азыркы учурда шайлоолор авторитардык жана тоталитардык режимдерде да кеңири колдонулат. Чанда кездешчү айрым гана учурларды эске албаганда авторитардык жана тоталитардык системалардагы шайлоонун түпкү социалдык милдети өз жарандарынын жана дүйнөлүк коомчулуктун аң-сезимин манипуляциялоо менен ошол режимдин саясий өкүмдарлыгын бекемдөө болуп саналат. Арийне азыркы учурда андай көмүскө максаттарды жаап жашыруу болбой калды анын үстүнө маалыматтын кылымы болгон азыркы шартта баары оркойуп көрүнүп калууда. Өзгөчө эл аралык коомчулуктун көзүн будамайлоо мүмкүн эмес.

Бирок тоталитардык режимдер тышкы дүйнөдөн жетишээрлик денгээлде изоляцияланып бийлик партиясы же башкаруучу чөйрө бир гана талапкерди көргөзүп атаандашсыз шайлоону колдонушкан. Мындай шайлоолор аракеттеги саясий режимге, бийликтегилердин персоналдык курамына болгон күмөн туудурбайт. Ошентип коммунистик типтеги тоталитардык саясий системаларда шайлоолор негизинен: расмий максаттарды түшүндүрүү; саясаттын баалуулугун, массаны мобилизациялоо сыяктуу саясий прапогандалык функцияны аткарат. Мында коомдун "моралдык саясий биримдигин бекемдөө; партиянын, элдин биримдүүлүгүн билдирген демонстрациялар, жол башчыны бир добуштан колдоо сыяктуу чакырыктар аркылуу саясий түзүлүштү демократизациялоо, саясатка түздөн-түз катышуу дагы ушул сыяктуу массалык иллюзиялар калыптанат.

Ал эми авоторитардык мамлекеттерде шайлоолор тар чөйрөнүн же бир адамдын бийлигинин монополиясын жаап жашырган, жымсалдаган демократиялык жасалгалоо, кооз декорация болуп саналат. Мындай өлкөлөрдө атаандашсыз же жарым жартылай атаандаш шайлоолор колдонулат. Жарым жартылай атаандаштык шайлоо болгондо деле бул жөн гана "кожо көрсүнгө" коюлган атаандаштык болуп формалдуулук катары чыгат. Мисалга, Өзбекстанда өткөн президенттик шайлоолордо аракеттеги президент Ислам Каримовго атаандаш катары чыккан талапкерлер эң жөнөкөй сыпайылыкты да көргөзбөстөн өздөрү президент Каримов үчүн добуш берип чыкканын шайлоо кабинасынан чыгаары менен жарыялаган учурлар болгон. Бирок мындай жасалма шайлоолор элдин кыжырын келтирип эртеби кечпи коомдо протесттик маанайды жаратышы мүмкүн. Албетте, бул ошол элдин менталитетине, улуттук духуна, саясий маданиятына да көз каранды. Айталы, ошол эле Өзбекстанга салыштырмалуу кадыресе альтернативдүү объективдүү өткөн шайлоолор да коомду канааттандырбай нааразычылык курчуп олтуруп саясий режимдин алмашышына алып келген (24-март, 2005-жыл). Өзбекстанда деле, Казахстанда деле коңшу Кыргызстандагыдай шайлоолорду кыялдангандар четтен табылат, бирок ал каалоону ачыкка чыгара албаган ал үчүн күрөшө албаган элдердин улуттук духунда, саясий маданиятында мандем бар. Практикада мындай көрүнүштөр бул мамлекеттерде эле эмес Латын Америкасында, Африкада, Азияда жана мурдагы СССРдин аймагындагы айрым өлкөлөрдө кездешет. Андай өлкөлөрдө негизинен парламенттер "чөнтөк парламентке" айланып режимдин башчысынын көзүн караган жагдайда иш алып барышат. Дал ушул өлкөлөрдө шайлоолорду фальсификацилоо, өз жарандарын алдоо, эл аралык коомчулуктун башын айландыруу кеңири тамыр жайган. Ошондой эле авторитардык режимдерде шайлоолор аракеттеги режимдин легитимдүүлүгүн бекемдөөгө функциясын да аткарып: анын өлкө ичиндеги өзгөчө чет жерлердеги репутациясын сактоого кам көрөт. Адатта мындай режимдерде шайлоолор жасалма оппозицияны жаратуу, же оппозициянын анча мынча талаптарын аткаруу менен интеграциялоо сыяктуу процесстер жүрөт.

Шайлоо системасы – бийликтин шайланма, барыдан мурда өкүлчүлүк органдарын түзүүнүн жана добуш берүүнүн натыйжасы аныкталган соң, аларда кызматтарды бөлүштүрүүнүн тартиби. Бийликтин шайланма органдарын түзүүнүн белгилүү тартиби катары шайлоо системасынын жыйындысы шайлоо укугу деп аталган укуктук нормаларга таянат [2]. Ал конституциянын туура келген бөлүктөрүнө жалпы түрдө бекитилеген да, атайын шайлоо мыйзамдарында деталдаштырылган. Ал жарандардын мамлекеттик шайлоо органдарын түзүүгө катышуу укугуна негизделген: активдүү шайлоо укугу, шайлоолордо жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



референдумдарда катышууга мүмкүндүк берген добуш берүү укугу. Шайлоо системасы өзүнө шайлоо органдарын түзүүдө шайлооолордун уюшулушун жана жүзөгө ашырылышын камтыйт. Шайлоо системасы жогорудагы жалпылык, тендик сыяктуу ж.б. принциптерге негизделген. Бирок айрым колдонууларда “ценз” деп аталган түрдүү чектөөлөр киргизилген. Кээ бир өлкөлөрдүн шайлоо мыйзамдарында атайын шарттардан улам шайлоо укугуна ээ эмес кээ бир топтор көрсөтүлгөн. Мисалы: АКШда бийлик органдарын түзүүнүн түрдүү денгээлдеринде кээ бир топтордун укуктарын чектеген он чакты цензлер өкүм сүрөт [3].

Укуктарды чектөө калктын ири менчикке ээ топторунун бир нече добушка ээ болуу укугунда чагылдырылышы мүмкүн. Ушундай эле система Австриянын жана Жаңы Зеландиянын кээ бир штаттарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоодо сакталып калган. Добуштун жыйынтыгын келтирүүдө кызматтарды бөлүштүрүүнүн жалпы кабыл алынган системасы да шайлоо укугунун белгилүү өлчөмдө чектелүүсү болуп саналат. Шайлоо – шайлоо процессинин өзү, түз жана кыйыр түрдө болушу мүмкүн. Көптөгөн өлкөлөрдүн шайлоо системасы эркин мандатка мүмкүндүк берет. Ошондой эле бир катар өлкөлөрдүн мыйзам чыгаруусунда императивдик мандат аныктамасын табууга болот. Бул учурда депутат өз шайлоочуларына талаптардын системасы менен байланган. Мындай учурда депутаттык мандаттан ажыратуунун жалпы нормаларынан башка депутатты чакырып алуу процедурасы эске алынат. Көп учурда шайлоолорду дайындоо, эреже катары мамлекет башчысынын артыкчылыктуу ыйгарым укугу болот. Алар шайлоочуларды каттоо жана мыйзам орноткон тартипте шайлоо округдарын уюштуруу жол жоболоруна негизделген. Андан соң, талапкерлерди сунуш кылуу болот да шайлоо компаниясы башталат. Анын нормалары да, шайлоо жана добуштарды эсептөө жол жоболору сыяктуу улуттук мыйзамдар менен тескелет. Добуштарды бөлүштүрүү системасы эки негизги системага таянат. Алар:

**Можаритардык жана пропорционалдык шайлоо системалары.**

Шайлоо процесстери конституцияда жана шайлоо кодекстеринде каралган укуктук нормалар аркылуу ишке ашырылат. Шайлоолордун башкы регулятору болуп шайлоону уюштуруунун жалпы принциптери жана ошондой эле шайлоочулардын добушун мандаттарга айландыруу, бийлик кызматтарына бөлүштүрүүнүн системасы саналат.

Шайлоолор маанисине жана мазмунуна жараша пропорционалдык жана можаритардык болуп экиге бөлүнөт [3].

Можаритардык система шайлоо өткөрүүнүн жеңилдиги менен өзгөчөлөнөт. Бул системада тигил же бул конкреттүү талапкерлер шайлоого катышат. Мында партиялар өз талапкерлерин округдарда көргөзө алат. Можаритардык системада шайлануу үчүн талапкер, же партия округдун шайлоочуларынын көпчүлүк добушун алышы зарыл, ал эми аз добуш алган партиялар бир дагы мандатка жете албайт.

Можаритардык шайлоо системасы да өз ичинен абсолюттук көпчүлүк жана салыштырмалуу көпчүлүк системалары болуп бөлүнөт. Абсолюттук көпчүлүк системасы көпчүлүк учурда президенттик шайлоолордо колдонулуп, жеңүүчү шайлоочунун теңинен көп добуш алуусун талап кылат (50% плюс бир добуш). Салыштырмалуу көпчүлүк принцибинде жеңишке жетүү үчүн башка талапкерлерден кичине да болсо көбүрөөк добуш алуу маанилүү. Абсолюттук көпчүлүк принцибинде бир да талапкер шайлоочулардын теңинен көп добушун албай калса экинчи тур өткөрүлүп анда эң көп добуш алган эки талапкер атсалышат [2].

Жогорудагы эки шайлоо система тең өздөрүнө тиешелүү артык жана кемчил жактарына ээ [3]:

1. Можаритардык шайлоонун негизги артыкчылыгы шайлоочулар менен депутаттын түздөн-түз байланышы жана шайланган депутаттардын өзү шайланган округдагы жоопкерчилиги.

2. Өкмөттү түзүүнүн салыштырмалуу оңойлугу жана Өкмөттүн туруктуулугу. Мисалга 90-жылдардан бери А.Акаевдин убагында өкмөт башчысын шайлоо анын жарлыгы менен бир эле күндө ишке ашып парламенттин, премьердин кандидатурасын бекитип бериши анчалык деле көп убакытты талап кылчу эмес, өкмөт мүчөлөрүн бекитүү деле ошондой эле аз убакытты талап кылчу. Ал эми баарыбыз күбө болгондой 2010-жылы пропорционалдык система менен шайланып келген парламентте коалициялык Өкмөттү түзүүнүн биринчи аракети ийгиликсиз болуп, экинчисинде гана көп машакат менен эки ай дегенде ишке ашты. Ошондой болсо да можаритардык системанын да өзүнө тиешелүү кемчиликтери бар. Алар: жалпы мамлекеттик масштабдагы күчтүү партияларга көз карандысыз эле депутаттардын шайланып калышы жана ар кошкон адамдардын өкмөттү түзүп калуу коркунучу [4].

Ал эми пропорционалдык шайлоо системасында элдин так иштелип чыккан программасы бар партияга добуш берүү мүмкүнчүлүгү. Пропорционалдык шайлоо системасында округ үчүн эмес идея, программа

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



үчүн добуш берилет, жеңип чыккан партия элге берген убадасын программасын иш жүзүнө ашырууга аракет кылат. Трайбализмдин элементтери кеңири тамыр жайган кыргыз коомунда можаритардык системанын кемчилик жактары оркоюп көрүнүп калчу [4]. Кандай гана жолдор менен болбосун жеңишке жетүүнү көздөгөн талапкерлер эң жөнөкөй эрежелерине, моралдык ыймандык баалуулуктарга кол шилтеп салып өз жердештеринин эле эмес, өз уруусунун намысына тийген кадамдары, аракеттери менен бир урууну башка бир урууга каршы коюп локалдык конфликттер болгон учурлар кездешчү [5]. Айталы, Талас облусунда кушчу саруу деген эки чоң уруу бар экенин шайлоолорго чейин көпчүлүк биле билбесе, шайлоодон кийин шайлоочулардын көпчүлүгү бул эки уруунун санжырасын, тыңчыкмаларын жатка айтып калышкан. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин биринчи, экинчи, үчүнчү чакырылыштагы шайлоолордо мындай тенденциялар дээрлик бардык округдарда эле байкалган. Мында күчтүү ири партиялардын, программалардын курч атаандаштыгы жүрүп эгер коом алдындагы өз жоопкерчилигин сезген партиялар жеңишке жетишсе кардиналдуу өзгөрүүлөргө алып келет. Пропорционалдык системанын кемчилиги болсо партиялар конкреттүү округдарга демек региондордогу элдерге түздөн-түз жоопкерчиликтүү болбой калышы мүмкүн. Учурда кыргыз коомунда саясий партияларга (өзгөчө парламентке өткөн) сын пикир күчтүү [5]. Көпчүлүк масса кыргыз парламентиндеги терс көрүнүштөргө көпчүлүк депутаттардын интеллектуалдык, рухий, маданий денгээлдеринин пастыгына күбө болушуп буга партияларды жана партиялык системаны күнөөлү деп эсептешет.

**Адабияттар:**

1. Мухаев Р.Т. Основы политологии. - М., 2004.
2. Зубов А.Б. Парламентская демократия и политическая традиция Востока. - М., 1999.
3. Избирательные системы Мира. Сборник статей. - Санкт-Петербург, 2003.
4. Сыдыкбаев Ч.М, Абдыкеримова А.А., Шадыев Б.М. Формирования понятия национальных интересов во внешней политике. / Наука новые технологии и инновации Кыргызстана, №2, 2018. - С. 215-2018.
5. Сыдыкбаев С.М. Саясий илимдин негиздери. - Бишкек, 2011-ж.
6. Сыдыкбаев Ч.М., Сапарбек кызы Элназ. Кыргызстандын улуттук коопсуздугу жана саясий, социалдык-экономикалык факторлору. КРУИАнын Кабарлары. №3. - 2018-ж. - 172-173-бб.